КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ЛЕЙЛЕК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЛЕЙЛЕКСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

№ 1 Лейлек округдук шайлоо комиссиясынын

**Ч Е Ч И М И № 7**

"28" ноябрь 2021-жыл — Исфана шаары

**№ 1 Лейлек шайлоо окуругундагы №8207 шайлоо участкасындагы добуш берүүнүн купуялуулугунун бузулуусун аныктоо жөнүндө**

**Катышкандар:** №1 Лейлек округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Бердиев, катчысы Н.Туркбаева, мүчөлөрү: Б.Жанжигитова, М.Саттаров, Г.Эржигитова, А.Баратов, Т.Джемуратов, Х.Кулдашева, З.Ибрагимов, Ж.Тагаев, К.Мамадалиев, Н.Исабаев, Э.Орунбаев,Д.Баратов

**Күн тартиби:** 2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо №1 Лейлек шайлоо округу боюнча №8207 шайлоо участкасында добуш берүүнүн купуялуулугунун бузулуусун аныктоо жөнүндө

Күн тартибиндеги маселе боюнча № 1 Лейлек округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Бердиев төмөндөгүдөй билдирүү жасады:

2021-жылдыни 28-ноябрында болжол менен саат 8-00 чамасында № 1 Лейлек шайлоо округуна караштуу № 8207 шайлоо участкасында Интернационал айылынын тургуну 08.09.1986-жылы туулган Конурбаев Абазбек Абдырахманович белгиленген тартипте шайлоо бюллетенин алып, жарандык милдетин аткарып бюллетенди шайлоо урнасына салган учурда шайлоо урнасы иштебей калган. Ошол учурда аталган жарандын уюлдук телефонуна чалуу келип калып, колундагы бюллетени менен сыртка чыгып сүйлөшүп турган учурда "Коомар Медиа" коомдук фондунун өкүлү телефонго тартып алып социадык түйүнгө жүктөгөн.

Бул боюнча Лейлек райондук ички иштер бөлүмү ыкчам аракет көрүп, окуя тергөө тобу тарабынан тергелген.(МЭЖ № 02-038-2021-001865)

Жыйынтыгында Конурбаев Абазбек Абдырахманович муну атайын жасабагандыгы аныкталды.

**№1 Лейлек шайлоо комиссиясы жогорудагы жагдайларды талкуулап**

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. № 8207 шайлоо участкасындагы шайлоочу, Интернационал айылынын тургуну 08.09.1986-жылы туулган Конурбаев Абазбек Абдырахмановичтин шайлоонуну купуялуулугун атайлап бузбагандыгын эске алуу менен эскертүү берилсин.
2. Шайлоо мыйзамдарынын толук сакталышы ар бир участкалык шайлоо комиссияларынан талап кылынсын.

**Төрага** — **А.Бердиев**

**Катчы** — **Н.Туркбаева.**